Жунушалиев Т.

*К. Тыныстанов ат. ЫМУ*

## СЫДЫК КАРАЧЕВДИН ЧЫГАРМАЧЫЛЫК ОРДУ

Сыдык Карачевдин бабалары болгон Белек, Шапак атанын урпактары Ысыккөлдүн чыгыш тарабынан орун алган, Түп Жыргалаң, сууларынын күңгөй - тескейинде жайгашкан. Азыркы кезде ондон ашык айыл кыштактарда жашап, күндөлүк тиричилигин өтөп келишүүдө. Шапак атанын баласы Чүрүм, Чүрүмдөн Эсенбай, Эсенбайдан Мендегул, Мендегулдан Карач, Карачтан Сыдык… Карач жаш кезинде эле өзүнүн зиректиги менен сөзгө алынып, Өмүр баатырдын алтын мөөрүн алууга татыктуу болгон. (Санжырада: «Өмүр, Балбай эгиз шер…» - деп уламыш сөзгө айланып да, айтылып да келет). Өмүр Баатыр - Карачтын чоң атасы, Эсенбай менен уялаш биртууган. Өмүр баатыр 1807 – жылы туулган. 1840 - 1855 - жылдарда Бугу эли менен Сарбагыштардын кыргындуу чабыштары жүрүп, Ормон хан, Төрөгелди баатыр баштаган кол менен бейкут жаткан Бугу элин чаап, жерин басып алууну ойлогон душмандан Өмүр, Балбай баатырлар ат жалында кылыч, найза сунуп күн - түн кызыл кыргын чабышта жүрүп эл жерин сактап калышкан.

Булардын катарында Карач Аке да болгон. Ал өспүрүм кезинде эле Өмүр атага жакын болуп, улуу жортуулдарда ат алмаштырып берип, жолуна канат болуп келген. Негедир Өмүр атанын Карачка, Карачтын Өмүр атага боор толгоо жакындыгы болгон. Ошондон улам Карачтын баскан жолун үчкө бөлүп кароого болот. Жаш болсо да согуштарга жалтанбай жүргөндүгү үчүн баатыр, ал эми элдин башына мүшкүл иш түшүп турган чакта капилеттен ой, караңгыда жол тапкандыгы үчүн акылман, сөз келгенде шыр калыс, таамай айткандыгы үчүн чечен Карач деп айтууга болот. Эл да мына ушундан улам өз мезгилинде эле Карач аке деп бекеринен атабаса керек.

Карач аке байлык да, мансап да күткөн эмес. Жөн гана өзүнүн жөнөкөйлүгү, таамай айткан оттуу, чагылгандай сөздөрү менен эл тагдырын чечип, Журт атасы аталган.

Бата сурасаң Мойт акеге,

Акыл сурасаң Сарт акеге,

Айла сурасаң Тилекмат акеге,

Чындык издесең Садыр акеге,

Калыстык сурасаң Карач акеге,

Касиет сурасаң Кыдыр акеге бар - деген сөз да эл ичинде бекеринен айтылбаган чыгар.

Учурда Өмүр баатыр Карач акенин урпактары негизинен Түп районунун Жылуубулак айылында турушат. Мына ушул Карач акенин уулу Сыдык Карачев кыргыз совет адабиятынын негиздөөчүлөрүнүн бири катарында тарых барагында калып, кыргыз элинин туңгуч профессионал журналисти, жазуучу катарында белгиленип келет. Ал 1900 – жылы Ысыккөл областынын Түп районундагы Жылуубулак айылында төрөлгөн. Алгач билимди Караколдогу жаңы усулдагы татар жана орус мектептеринен алган.

Учурунда билим ала албаган, бирок тубаса таланты, нукура акылмандык жөндөмү менен башкалардан айырмаланган Карач аке дагы «кагазга кат жаза албаган, сабатым жок» - деп арман кылган экен. Ошондуктан, билим алууга ынтызар болгон Сыдык Карачевдин канаттуу даңгыр

жолго умтулушу да бекеринен болбосо керек. Улуу Октябрь Революциясынын жеңиши менен 1918 – жылы он сегиз жаш курагында Кызыл гвардиячыл отрядга жоокер болуп кирип, ал Аксуу, Лепси, Черкесск багытындагы Ак гвардиячыларга каршы согушка жана 1920 – жылы Бухара Эмирлигин талкалоого катышкан. От күйгөн, каардуу мына ошол алааматтуу күндөрдө Сыдык Карачев орус, татар, өзбек, казак жана башка улуттун өкүлдөрү менен жолугушуп сүйлөшүү, пикир алышуулар аркылуу өзүнүн ой чабытын, турмушка болгон жаңы багыттагы көзкарашын өнүктүрө алган.

1921 – 1923 - жылдарда Ташкенттеги В.И.Ленин атындагы аскер окууну жайында окуп, коомдогу, дүйнөдөгү өсүштөр менен өзгөрүштөргө күбө болуп, саясий чөйрөгө аралашуу менен өз алдынча чыгарма жазып калемгерлигин өстүрүүгө аракет кылган.

Сыдык Карачев 1923–жылы Каракол шаарындагы “Союз кошчу” уюмунда төрагалык милдетин аткарган. Бул уюм - адегенде, Түркестан АССРинде, кийин Орто Азия республикаларында жана казак эмгекчи дыйкандарынын массалык интернационалдык уюмунун курамында болгон. Түркстан компартиясынын 1920–жылдын 20-сентябрдагы V съездиндеги–чечими боюнча кедейлер комитеттери менен кедейлер союздарынын ордуна түзүлгөн. Бул уюмда иштеп жаткан мезгилде 1924–жылы кыргыз эли Түркестан АССРинин курамында өзүнчө Автономдук областы болуп бөлүнгөндөн кийин кыргыз тилинде газета чыгаруу жөнүндө РКП (б) борбордук комитетинин телеграммасында төмөнкүчө көрсөтүлөт:

“...Сиздерде дыйкандардын газетасынын орус тилинде басылып чыгып жатышы өкүнүчтүү иш. Газетаны кара кыргыз тилинде да сөзсүз чыгаруу керек. Бул кечиктирилгис милдет”.

Областык жетекчилик бул көрсөтүүнү дароо жетекчиликке алышып, улуттук басма сөздү тезинен чыгаруу камын көрүшөт. Буга чейин Пишпекте “Братская права” газетасы гана орус тилинде чыгып келген. Партиялык комитет тарабынан газета чыгаруу ишине партиялык жетекчиликтин өкүлү катары Осмонкул Алиев, билим комиссариатынын ошол мезгилдеги төрагасы Ишенаалы Арабаев, катчысы Касым Тыныстанов жана Казак–кыргыз агартуу институтунун студенти Хусеин Карасаев тартылат. Бирок булардын ичинен газета чыгаруу ишинин технологиясын, типографиялык жол – жоболорун билген адис табылбайт. К.Тыныстанов - С.Карачев менен мурдатан эле тааныш болгондуктан анын 1918-1919 - жылдарда Алматы калаасында казак-татар тилинде чыгып турган басма сөздөргө кызматташ болгонун, чыгармалары (ырлары, аңгемелери) “Көмөк” журналына үзгүлтүксүз басылып турганын билгендиктен аны сунуштап, областтык партия комитети телеграмма аркылуу тезинен келүүсүн өтүнөт. Караколдон Ташкентке чакыртат. Ал чакырык боюнча Ташкентке келээри менен алгачкы улуттук басма сөздү чыгаруу ишине киришет.

Көптөгөн кыйынчылыктар менен кыргыз элинин төл гезити - “Эркинтоо” газетасынын биринчи саны Октябрь майрамынын 1924-жылы 7-ноябрда чыгарылат. Бул С.Карачевдин журналисттик ишмердүүлүгүнүн чоң башаты катары. “Эркинтоо” газетасынын биринчи уюштуруучуларынан, негиздөөчүлөрүнөн болгон. Улуттук туңгуч басма сөз “Эркинтоонун” – жарык көрүшү кыргыз элинин турмушунда жаңы өзгөрүштөргө алып келген. Анын бетине саясий, социалдык – экономикалык маселелерден тартып, маданий турмуш жаңылыктары, айыл чарбачылыгы, мектептердин ачылышы, жаңы коомдун багыттары, аялдардын эркиндиги ушул сыяктуу маселелер менен катар эле ошол кездеги Алатоо койнунда болуп жаткан окуялар, өсүштөр, күнүмдүк жаңылыктар чагылдырылган.

Айрыкча көркөм адабият дүйнөсүнө кызыккан калемгерлердин тушоосун кесип, элибиздин даңктуу акын – жазуучулугуна чейин көтөргөн - “Эркинтоонун” жарык көрүшүнө арнап С.Карачев “Эркинтоого” деген ырын жазган. Бирок, газетанын биринчи санына кетүүчү материалдарды талкуулап жатканда, ал өзүнүн ырын жиберүүдөн баш тартып, анын ордуна жаштардын ыры жарыялансын деп, А.Токомбаевдин “Октябрдын келген кези” деген ырын ылайык көрөт. Ушундан улам анын аталган ыры “Эркинтоонун” №2 санына “Айкын” деген адабий псевдоним менен

жарыяланат. Бул жөнүндө А.Токомбаевдин - “Эне тили”, З.Бектеновдун - “С.Карачев” аттуу эскерүүлөрүнөн кабардар болобуз.

С.Карачев “Эркинтоо” газетасында жооптуу катчы болуп 1924–жылдан 1930–жылга чейин үзгүлтүксүз иштеген.

1930–жылы райондук административдик башкаруу системасына өтүүгө байланыштуу РКП (б) нын борбордук комитети тарабынан өнөр жайлуу жана айыл чарбасы өнүккөн райондордо райондук басмасөздөрдү чыгаруу жөнүндө токтому чыгат. Ушул токтомго ылайык дасыккан, тажрыйбалуу журналист катары С.Карачев түштүккө жиберилет. Ал Ошко келип, Араван районунун калкы үчүн кыргыз тилинде “Кызыл пахтачы” газетасын чыгаруу менен аны “Красный хлопкороб” деп орус тилинде да чыгарат.

С.Карачев өзүнө кандай гана тапшырма берилбесин так, ары терең, жоопкерчиликте аткарган. 1932–жылы Түштүктөн келип Кыргызстан мамлекеттик басмаканасында редактор болуп иштеген. Кыргыз элинин алгачкы жазма адабиятынын түптөлүшүнө, басма сөздүн негизделишине салым кошкон. С.Карачевдин калемине таандык 1919– жылы “Сүйгөнүнө кошула албады”, “Үйлөнүүдөн качты” деген ангемелери “Көмөк” журналына жарыяланып “Эрксиз күндөрдө”, “Эрксиз таңында “ деген көлөмдүү чыгармалары менен бирге бир катар поезия саптары калды.

Ага 1934–жылы улутчул деген айып коюлуп, 1937–жылы камакка алынып, кара түндүн капшабына кабылган Сыдык Карачев 1938–жылдын 20– февралында репрессияга дуушар бол-гон. “Ак ийилет, бирок сынбайт” демекчи, кайрадан анын иши 1964– жылы акталган. Тагдыры табышмакка айланган инсан жөнүндө сөз али алдыда болмокчу.